# Сызыкчанын коюлушу



**Мугалим: Рыскелдиева А.З.**

# Сызыкча коюлат:

- Төл жана бөтөн сөздөрдө

- Айтылып жаткан ойго тактоо, толуктоо, бышыктоо маанисин берүү максатында сүйлөм тизмегине киргизилген макал, лакаптар тырмакчага алынат. Бирок анын алды-артына төл жана бөтөн сөзгө тиешелүү болгон тыныш бел-гилери (кош чекит, үтүрлүү сызыкча) коюлбайт.
- Мисалы: *«Коноктун алдына аш кой, эки колун бош кой»* деген кеп бар го? (Т. С.) *«Душмандын сыртында болгуча, ичинде бол»* деген сөздүн чындыгы бар беле. (Т. С.) *«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде»* деген ошол. Эрдик менен курман болуптур. (Н. Б.) Биздин бригаданын коллек-тиви *«Бирөө бардыгы үчүн, бардыгы бирөө үчүн»* деген ураан астында эмгектенүүдө. («СК.»)

Сүйлөм ичине башка бирөөнүн сөзүнөн бөлүп алып киргизилген айрым сөздөр, сөз айкаштары тырмакчага алы-нып, кичине тамга менен башталып жазылат, бирок алды-артынан төл сөзгө тиешелүү тыныш белгилери (үтүрлүү сызыкча, кош чекит) коюлбайт:

- Ошондогу жаштар кээ бирде азыр да мени *«бригадир апа»* дешет. (Ч. А.) Мен *«жаанга калыптыр»* дегенди угуп, чыдай албадым. (Н. Б.) Козубектин *«куру кайттым»* де .

# Чыгарманын ичинде келтирилген бирөөнүн каты тырмакчага алынат:

- Өзүнүн илимий иштери боюнча Москвада көп убакыт кармаларын жазып, андан нары катында мындай дептир:
- «...Кымбаттуу иним, канчалык зарыл жумуштарым бол-босун, бардыгын жыйнаштырып таштап, мен ушул катты жазууну туура таптым... Эгерде ушунда айтылгандар сизди кызыктырса, анда өз чыгармачылыгыңызга пайдаланууну суранам, анткени бул мен үчүн гана эмес, биздин жалпы ишке, көпчүлүккө, өзгөчө жаштар үчүн керек го деп эсеп-теймин...» (Ч. А.)

Завод, фабрика, ишканалардын, китеп, газета, журналдардын, ыр, күүлөрдүн, орден, медалдардын ж.б. аттары тырмакчага алынат:

- «Айнур» заводу, «Тоо арасында» романы, «Кыргыз туусу» газетасы; «Маш ботой», «Көкөй кести» күүлөрү аткарылды; «Манас» ордени, «Даңк» медалы ж.б.

## Өзүнүн түз маанисинде эмес, каймана мааниде же какшык, мыскыл маанисинде колдонулган сөздөр тырмакчага алынат:

- Бүтүмгө келишкен *«жакшыларды»* Саадат бээ союп коноктоду. (Т. С.) Чортонду Баатырбек баш болгон бир катар *«мыктылар»* жек көрүшчү. (Т. С.)